Аттокурова Чынар Амановна,
ага илимий кызматкер,
Кыргыз билим берүү академиясы,
Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары

КЕНЖЕ ОКУУЧУНУН ОЙ ЖҮГҮРТҮҮСҮН ӨНҮКТҮРҮҮЧҮ – КЫРДААЛДЫК МАСЕЛЕЛЕР

Аттокурова Чынар Амановна,
старший научный сотрудник,
Кыргызская академия образования,
Кыргызская Республика, город Бишкек

СИТУАЦИОННЫЕ ЗАДАЧИ – РАЗВИВАЮЩИЕ МЫШЛЕНИЕ МЛАДШЕГО ШКОЛЬНИКА

Attokurova Chynar Amanovna,
Senior Researcher,
Kyrgyz Academy of Education,
Kyrgyz Republic, Bishkek

SITUATIONAL TASKS – DEVELOP THINKING JUNIOR SCHOOL STUDENT

Аннотация: *Жашоо-тиричиликтен алынуучу кырдаалдык маселелер кенже окуучунун логикалык ой-жүгүртүүсүн өнүктүрөт жана ар кандай деңгээлдеги кырдаалдык тапшырмаларды чыгаруу көндүмдөрү калыптанат. Кырдаалдык тапшырмалар жаратылыш коопсуздугуна жана жашоо кырдаалдарына карай бөлүнүшөт. Жаратылыш коопсуздугуна карата маселелерди чыгарууда кенже окуучулар таанып-билүүгө, маалыматтарга ээ болот жана алардын жашоо-тиричиликке тийгизген таасири тууралуу ой жүгүрүшөт. Ал эми жашоодон алынган кырдаалдык маселелер окуучу үчүн тааныш, түшүнүктүү, аны чыгарууда ой жүгүртөт, билимине таянат, талкуулашат. Кенже окуучулар маселелерди өз алдынча чыгара билүү жана чыгарылышын өз сөзү менен айтып түшүндүрүү, негиздөө жана түрдүү жолдор менен чыгаруу жөндөмдөрү калыптанат. Окуучулардын теориялык жактан алган билимин практика жүзүндө тереңдетүүдө мугалим тарабынан тандалып алынган методунун маанилүүлүгүн түшүнүшөт.*

Аннотация: *Жизненно-ситуационные задачи развивают логическое мышление младшего школьника и развивают навыки решения разноуровневых ситуационных задач. Ситуационные задачи подразделяются в зависимости от природной безопасности и жизненных ситуаций. При постановке вопросов, касающихся безопасности природы, младшие школьники приобретают познавательные навыки, информации и размышляют о влиянии, которые они оказывают на жизнь. С другой*

стороны, ситуационные вопросы из жизни знакомы, понятны учащемуся, он размышляет над ними, опирается на свои знания, обсуждает их, решает разными способами. У младших школьников формируются умения самостоятельно решать задачи и объяснять, обосновывать, делать выводы своими словами. Учащиеся осознают важность выбранного учителем метода углубления теоретических знаний на практике.

Annotation: *Life situational tasks develop logical thinking of a younger student and develop skills for solving multi-level situational tasks. Situational tasks are subdivided depending on natural safety and life situations. When posing questions about the safety of nature, younger schoolchildren acquire cognitive skills, information and reflect on the impact they have on life. On the other hand, situational issues from life are familiar, understandable to the student, he reflects on them, relies on his knowledge, discusses them, solves them in various ways. Younger schoolchildren develop the ability to solve problems independently and explain, justify conclusions in their own words. Students realize the importance of the teacher's chosen method of deepening theoretical knowledge in practice.*

Түйүндүү сөздөр: *кырдаалдык маселе, жаратылыштын коопсуздугуна карата кырдаалдык маселелер, чыныгы турмуштук кырдаалдан алынган маселелер, маселелердин түрдүү жолдор менен чыгарылыштары, таанып-билүү, чыгарылышты өз сөзү менен айтып берүү, негиздөө, талдоо, талкуулоо, кенже окуучунун жыйынтыктоосу.*

Ключевые слова: *ситуационные задачи, ситуационные задачи по безопасности природы, задачи из реальных жизненных ситуаций, решение задач различными способами, познание, изложение вывода своими словами, обоснование, анализ, обсуждение, подведение итогов младшим школьником.*

Key words: *situational tasks, situational tasks for the safety of nature, tasks derived from real life situations, solving problems in various ways, cognition, presentation of the conclusion in your own words, justification, analysis, discussion, summing up by a junior student.*

Киришүү. Азыркы учурда башталгыч билим берүүдө интеллектуалдык жана дене жагынан өнүккөн, рухий керектөөлөрү кеңири, дүйнөгө илимий көз караштардын негизине ээ болгон, коомдун турмушуна активдүү катышууга даяр, өз алдынча аракеттенген жана ар түрдүү окуяларга өз алдынча баа бере алган, коомдогу өзгөрүүлөргө тез ыңгайлашууга жөндөмдүү, баалуулуктарга баа бере билген инсандын фундаментин калыптандыруу маселеси алдыда турат. Ал эми башталгыч класстарда математикалык билим берүүнү активдештирүү, предметтин өзгөчөлүгүн эске алуу менен кенже окуучунун предметке болгон кызыгуусун арттыруу, математикалык көндүмдөрүн өнүктүрүү ишин алга жылдыруу жана коомдогу көйгөлөрдү чече билген, аткарылган ишке сын көз менен карап, күнгөй менен тескейин кенен айткан, өзүнүн сунушун айта билген, өсүп-өнүгүп турган инсанды калыптандыруу маанилүү.

Математикалык тилди пайдаланууда кенже окуучулар мазмундуу, кыска сүйлөөгө, ойду так, ачык айтууга, өз түшүнүгүн башкаларга түшүндүрө билүүгө көнүгүшөт.

Макаланы жазуунун максаты: Бул макаланы жазуунун максаты кенже окуучулардын негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрүн калыптандырууда кырдаалдык маселелерди чыгара билүү, өз сөзү менен айтып түшүндүрүү, негиздей алуу көндүмдөрүн өнүктүрүү.

Изилдөөнүн милдеттери:

- Башталгыч класстардын мугалимдеринин тексттик маселелерди кырдаалдык маселелерге алмаштыра алуусу жана аларды өз сабагында колдонууга жөндөмдөрүн аныктоо;
- Кенже окуучулардын кырдаалдык маселелерди бир нече жол менен чыгара алууларына, чыгарылыштарын өз сөзү менен айтып берүүлөрүнө, негиздей алууларына жетишүүсүн камсыздоо.

Изилдөөнүн натыйжасы жана аларды талдоо: «Окуучуларды жетишерлик көп

маселелерди чыгарууга үйрөтүүгө болот, бирок, чыныгы канааттануу биздин окуучуларыбызга жөн эле билим бербестен, алардын алдына жаңы тапшырмаларды коё билүүнү үйрөткөнүбүздө келет» деп У.У.Сойер айткандай, окуучулардын алдына жашоо-тиричиликтин кырдаалдарынан алынган маселелерди чыгарууну сунуштоо туура деп эсептейбиз. Анткени, «Окуу керемет!» долбоору тарабынан математика сабактарына байкоо жүргүзүүдө ошол жашоо-тиричиликтен алынган кырдаалдык маселелер балдар үчүн түшүнүктүү, кыйынчылыктарды жаратпай, чыгара алган, чыгаруунун бир нече жолу колдонулган, талкууга алынып, чыгарылыштар негиздөөнү талап кылды.

Башталгыч математика курсунун негизги максаттарынын бири кенже окуучуларды маселелерди чыгарууга маселелердин белгилүү жана белгисиздеринин арасындагы байланыштарды аныктоого, арифметикалык амалдарды туура тандай алууга жана аларды аткарууга үйрөтүү. Маселедеги сандык барабардык же туюнтма түрүндө түшүнүк берүү менен гана чектелбестен, жалпы эле математика курсундагы ээлеген орду, аткарган кызматы тууралуу сөз козгогонубуз оң. Кырдаалдык маселелер жашоо-тиричиликтен алынгандыктан, аларды да жаратылыштан алынган адам баласынын коопсуздугуна карата, чыныгы жашоо-тиричилигинен келип чыккан маселелер деп бөлүп кароого болот.

Ю.И. Арсентьевдин, В.С. Беловдун, О.Н. Русактын ж.б. илимий эмгектеринде адам баласынын коопсуздугу тууралуу маселелерине көңүл бурулат. Коопсуз жүрүм-турумга даярдыкты калыптандыруу боюнча окуучуларды окутуу маселелери С.В. Горбачев, С.В. Белова ж.б. илимий эмгектеринен орун алган. Бирок, кырдаалдык маселелерди пайдалануу, аларды табигый мүнөздөгү коркунучтары жөнүндө билимдерди комплекстүү калыптандырууда колдонуу маселелери толук чагылдырылбайт. Демек, табигый мүнөздөгү өзгөчө кырдаалдарда адам баласынын коопсуз жүрүм-туруму үчүн даярдыгын калыптандыруу каражаты катары кырдаалдык маселелерди изилдеп, алардын чыгарылыштары кандай иш-аракеттерди аткаруу менен алынаары тууралуу маалыматтар да окуучунун билим, билгичтик жана көндүмүн өнүктүрүүдө маанилүү болуп эсептелинет.

Билим берүү мамилесинен компетенттүүлүк мамилеге өтүүдө, мугалим өз сабагында жаңы методикалык ресурстарды колдонууга аргасыз. Учурда санарип доорунда аралыктан окутууда колдонулуучу видеосабактар, видеоматериалдар, кошумча колдонууга сунушталган окуу материалдары сыяктуу эле билим берүүнүн салттуу мазмуну менен компетенттүүлүккө багытталган мамилени айкалыштырууга мүмкүндүк берген маселелерди кырдаалдык маселелер деп эсептейбиз.

Бардык учурларда кырдаалдык маселелерди чыгаруу мета-предметтик натыйжаларга, б.а., окуу предметинин чегинен чыккан жана ар кандай иш-аракеттерде колдонулуучу билим берүү натыйжаларына жетишүүгө багытталат. Көптөгөн кырдаалдык маселелерди чыгаруу коомдо болуп жаткан өзгөрүүлөрдү чагылдырган конкреттүү кырдаалдарды талдоого байланыштуу берилет.

К.Ө. Самсалиеванын «Мектептин математика курсундагы тесттүү маселелердин ролу» аталыштагы макаласында математикада маселелерди окутуунун дидактикалык функциялары каралган. Макалада өзгөчө өнүктүрүүчүлүк функциясы учурдагы окуучунун математикалык компетенттүүлүгүн калыптандырууга салым кошуучу деңгээлдүү тапшырмаларды (маселелерди) камтырын төмөнкүчө аныктаган.

«Өнүктүрүүчүлүк функциясы. Өнүктүрүүчүлүк функцияга ээ болгон маселелерди негизинен эки топко: ойлоп тапкычтыкты талап кылган; жогорулатылган татаалдыктагы маселелер деп бөлүүгө болот. Алар окуучулардын аң-сезиминде логикалык жана чыгармачыл ой жүгүртүүнүн кандайдыр бир ыкмаларын иштеп чыгуу жана аларды колдонуу мүмкүнчүлүктөрдү түзүүчү шарттарды өз ичине камтыйт. Маселенин чыгарылышынын ар түрдүү жолдорун издөө

менен өнүктүрүүчү функцияларды ишке ашырат» [6, 62-б.].

Бул жагдайлар окуучулар үчүн гана эмес, мугалим үчүн да жаңы болушу мүмкүн, бул мугалим менен окуучунун ортосундагы мамилени өзгөртөт. Кырдаалдык маселелерди чыгаруунун өнүктүрүүчүлүк функциясын колдонгон учурда мугалим менен окуучу көйгөйлөрдү чогуу чечүүнү үйрөнгөн тең укуктуу өнөктөштөр катары иш-аракеттерди аткарышат. Мында «мугалим – окуучу» формасында мугалим билим берүүнүн булагы катары эмес, уюштуруучу, жардам берүүчү, багыттоочу, насаатчы катары кызмат аткаруу менен алардын тең укуктуу өз ара аракеттенүү багытында өзгөрүшүнө көмөктөшөт. Мугалим, өзүнүн сабактар аралык, интегративдик, кырдаалдык милдеттерин аныктоо менен предметтик билимдерди иш-аракетке багытталган практикалык негизде системалаштырууга өбөлгө түзөт, мында окуучулар иш-аракеттерди аткаруунун түрдүү жолдорун өздөштүрүп, предметтик билимдерди колдонуу менен инсандык маанилүү проблемаларды чечүүгө үйрөнүшөт.

Кенже окуучулардын компетенттүүлүгүн калыптандырууда бир нече иш-аракеттерди аткаруусун сунуштоого болот. Мисалы, *«Алынган натыйжаларды талдоо иш-аракеттери: маселенин мазмунун кабыл алуусун; кыскача шартын туура белгиленишин; жалпы туюнтма түзүп, амалдарды ирети менен чыгарылышын; жообун ой-жүгүртүү менен жазуусун; катасы болсо, аны белгилей алуусун жана каталарын сунуш катары айта алууга көнүгүүсүн; маселенин бир нече суроолоруна жооп бере билүүсүн; суроосун өзгөртүү менен маселени кайра өзгөртүп түзүп чыгаруу иштерин талдайт, башкалардын аткарган ишине салыштырат»* [3, 53-бб.].

Кырдаалдык маселелерди бир нече жол менен чыгаруу, жоопторун талдоо, кетирилген катасын аныктоо, катаны оңдоого карата сунуштарын берүү, өз ишин талдай алуу сыяктуу иш-аракеттер аркылуу окуучуларыбыздын ой жүгүртүү, талдай билүү, сунуш айтуу, тапкычтык, кызматташуу аркылуу предметтик билимдерин колдонуу көндүмдөрүн тереңдетебиз. Ошондуктан мугалим өз сабагында окуучулардын ой-жүгүртүүсүн өнүктүрүүдө кырдаалдык маселелерди колдонуусу зарыл.

Кырдаалдык маселелер – бул чыныгы жашоодон алынган окуу тапшырмаларынын бир түрү. Кырдаалдык маселелердин негизинде прикладдык мүнөздөгү стандарттык (типтүү) маселелерди, башкача айтканда сунушталган типтүү кырдаалдарда аракеттин алгоритми боюнча, ошондой эле теориялык жана андан да татаал – изилдөөчүлүк (стандарттуу эмес кырдаалдарда маселелерди чечүү, көйгөйлүү жана чыгармачылыкты талап кылган маселелер) маселелерди чыгаруу жөндөмү түптөлөт [1].

Тилекке каршы, колдонулуп жаткан окуу китептеринде андай мазмундагы маселелер кездешет, бирок арифметикалык амалдарды аткарууга гана багытталат. Сөзүбүз кур болбошу үчүн авторлору И.Б. Бекбоев, Н.Ибраеванын 3-классынын окуу китебиндеги 38-беттеги №177-, 41-беттеги 192-, 115-беттеги 599-маселелер мисал болот. Алар:

38-беттеги 177-маселе. Чарба багында 455 түп алма, андан 332 түпкө аз алмурут бар. Бакта канча түп дарак бар эле. Туюнтма түзүп чыгар.

41-беттеги 192-маселе. Аянтка 325 түп тал, 163 түп кайың, 20 түп балаты отургузушту. Бардыгы канча түп дарак отургузулду? Туюнтма түзүп чыгар.

115-беттеги 599-маселе. Жаратылышты коргоочулар 225 түп карагай, андан 200 гө ашык арча жана 150 түп карагай көчөттөрүн даярдашты. Бардыгы канча түп көчөт даярдалган?

Эми 41-беттеги 192-маселенин мазмунуна бир аз өзгөртүү киргизүү менен кырдаалдык маселелерди жаратып, чыгарып көрөлү. Жаратылышты коргоочулар абанын тазалыгын сактоо жана жаандан топурактын жуулуп, көчүп кетүүсүнөн сактоо үчүн өткөн жылы 300 көчөт тигилген. Бул жылы отургузууга 163 түп ак кайың, андан 20 түпкө ашык балаты жана 150 түп карагай көчөттөрүн даярдашты. Бул жылы отургузууга канча түп көчөт даярдашкан?

Кийинки жылы да көчөт тигүү улантылабы же жетишерлик көчөттөр отургузулду деп ойлойсуңарбы?

Ушул эле маселеге төмөнкүдөй сүрөттөрдү кошо берүүдөн окуучулар элестетүүгө, ой жүгүртүүгө, таанып-билүүгө карата маалымат алат, кырдаалдык маселени чыгаруу жеңил болот.

Окуучулардын маселенин мазмунун түшүнгөнүнөн пайдаланып, кыскача шартын жазып, чыгарышат.

Ак кайың – 163 түп
Балаты – 20 түпкө ашык
Карагай – 150 түп
Баардыгы - ? түп

1-жолу.
163 + (163 + 20) + 150 = 496.
163 + 20 = 183 – балаты
163+183+150=346+150 = 496
Жообу: 496 түп

2-жолу
163 + 20 = 183 (түп)
163 + 183 = 346 (түп)
346+150=496 (түп)
Жообу: 496 түп

3-жолу

Ак кайың	Балаты	Карагай	Баарысы
163	Ак кайыңга караганда 20 га көп болсо,	150 түп	?
163	163+20=183	150	163 + 183 + 150 = 496

Жообу: 496 түп

Мында, окуучулар маалыматтарды колдонушат, кырдаалдык көйгөйлөрдү айырмалашат, баалашат жана туюнтма түзүп, андагы арифметикалык амалдарды аткаруу менен маселени чыгарышат. Кийинки жылы көчөттөрдү отургузуу жөнүндө ой-пикирлерин негиздеп айта алышат.

Өткөн жылы отургузулган көчөттөрдүн саны	Бул жылы отургузууга даярдалган көчөттөрдүн саны	Кийинки жылкы көчөттөрдүн саны
300	400	Кийинки жылы да отургузууга 400дөн кем эмес көчөт даярдоо зарыл ж.б. айтылган ой-пикирлер

Жыйынтыктап айтканда, окуу китептериндеги маселелерди кырдаалдык маселеге өзгөртүүнүн жолун көрсөттүк, аларды бир же бир нече жол менен чыгаруу, ой-пикирлерди топтоо, ой-жүгүртүүнү, билимди

талап кылаары маанилүү экенин негиздей алдык.

«Окуу керемет!» долбоору тарабынан иштелип чыккан башталгыч класстардын Математикасы боюнча модулдарында 1-2-класстар үчүн төмөнкүдөй кырдаалдык маселелер берилет:

а) «Мөмө-жемиштерден» жасалган бал-муздак 15 сом, ал эми «Каймактуу» балмуздак 20 сом турат. Бермет менен Бакыттын 35 сом акчасы бар. Алар өздөрүнө кандай балмуздак сатып ала алышат? Бул маселени канча жол менен чыгарууга болот?

б) «Глобус» супермаркетинде 1 кг картошка 20 сомдон, ал эми базарда 15 сомдон сатылып жатат. Гүлзаттан апасы 2 кг картошка ала келүүсүн суранды. Анда 32 сом акчасы бар эле. Ал апасынын суранычын аткаруу үчүн картошканы кайдан сатып алат? Чыгарылышын айтып, түшүндүргүлө.

Ал эми пилоттук мектептердин башталгыч класстарынын мугалимдеринин сабагына байкоо жүргүзүү учурунда, төмөнкүдөй маселелерди окуучуларга сунуштады.

1. Айна үйүнө таттуу токоч, балмуздак жана шоколад сатып алууну чечти. Анын 200 сому бар. Таттуу токоч 45 сом, балмуздак 38 сом жана шоколад 75 сом турса, анда ал 200 сомго эмнелерди сатып ала алат?

2. Алинурдун 60 сому бар. Анын апасы 2 кг картошка жана 2 нан сатып келүүсүн суранды. Картошканын баасы супермаркетте 23 сом, а базарда 18 сом турат. Тандыр наны 20 сом, дүкөндөгү нан 16 сом турат. Алинур кайдан жана канча кг картошка жана кандай баадагы нан сатып ала алат?

Бул маселелер турмушта кезигип туруучу кырдаалдардан келип чыгат. Ошондуктан, балдар бат кабыл алышат. Мындай маселелерди чыгарууда кыйын-чылыктар жаралбайт.

Кырдаалдык маселелерди чыгарууда биз «Түшүндүрүү жана негиздөө», «Көндүм-дөрдү өнүктүрүү прогресс», «Моделдердин көптүгү» ж.б. стратегияларын колдонуу маанилүү.

Мисал катары жогорудагы 1-кырдаал-дык маселени чыгарып көрөлү. «Түшүн-дүрүү жана негиздөө» стратегиясын колдонолу, окуучуларды ой жүгүртүүгө түрткү берүүчү кадамдарына токтололу.

1-кадам. Мугалим сабакта жашоо-тиричиликке байланышкан кырдаалдык маселелерди чыгарары тууралуу окуучуларга айтат. Андан кийин окуучуларга жогорудагы кырдаалдык маселелердин бирин чыгарууну сунуштайлы.

Маселе. Айна үйүнө таттуу токоч, балмуздак жана шоколад сатып алууну чечти. Анын 200 сому бар. Таттуу токоч 45 сом, балмуздак 38 сом жана шоколад 75 сом турса, анда ал 200 сомго эмнелерди сатып ала алат?

2-кадам. Алгач маселенин мазмуну менен окуучулар таанышышат да, анда эмне жөнүндө сөз болуп жаткандыгы, эмне белгилүү, эмне белгисиз экенин өз алдынча же чакан топто Айна 200 сомго таттуу токочтон, балмуздактан жана шоколаддан канчаны ала тургандыгын талдашат.

«*Маселени талдоо. Тесттүү маселе-лерди чыгаруунун калыптанышына масе-ленин мазмунуна туура ой жүгүртүүнү уюштуруу маанилүү. Методикада мындай ишти уюштуруп өткөрүүнүн эки жолу жөнүндө айтылат: 1)* **маселедеги** *белгилүү маанилеринен баштап* **белгисиздерге** *чейин талдоо жүргүзүү менен тескерисинче* (маселенин белгисиздеринен (суроолорун) белгилүүлөрүнө чейин талдап, канча амал аткарыларын айта алуусу); *2) маселенин суроосунан баштап белгилүү маанилерине чейин талдоо жүргүзүү*» [2, 43-б.].

Демек, талдоо аркылуу кенже окуучу-лардын кабыл алуусу, ой жүгүртүүсү, кырдаалдардан чыга алуу, өз пикирин, сунуштарын айта алуусу, аткарылган ишти талдай алуу көндүмдөрү өсүп-өнүгөт.

Балдар маселени чыгарышат. Белги-ленген убакыт бүткөндө маселенин жоопторун мугалим окуучулардан сурайт.

3-кадам. Балдар сунуштаган жоопторду мугалим алгач тактага же ватманга баарын жазып алат. Андан кийин балдардан ошол жоопту кантип алгандыгын тактайга жазып, көрсөтүп берүүсүн суранат. Ушул учурда окуучулар арасында талдоо жүрүп, оңдоп-

түзөөлөр орун алышы мүмкүн. Натыйжада кетирилген каталар оңдолуп, туура жооп негизделет. Кетирилген каталар эмнеден келип чыккандыгы такталып, ал окуучуга калган окуучулар тарабынан сунуштар берилет. Мугалим «дагы башка жол менен чыгарган окуучулар барбы? Эгер бар болсо тактага жазып көрсөтүп берсеңер» деп айтат. Эгер окуучулар туура жооп берген болсо, анда мугалим карама-каршы (туура эмес) жоопту өзү сунуштайт, балдар менен чогуу талкуулайт.

4-кадам. Андан ары мугалим ушул маселенин чыгарылыштарын өзү моделдеп көрсөтүп берет.

Балдар, маселени силер туюнтма түзүп жана графикалык жол менен чыгарыпсыңар. Азаматсыңар. Эми таблицалык жол же болбосо тандоо жолу менен да чыгарып көрөлү.

Таттуу токоч – 45 сомдон	Балмуздак – 38 сомдон	Шоколад – 75 сомдон	Канчаны ала тургандыгы тууралуу талдоо	Артып калды	Жетпей калды
1	1	1	45 + 38 + 75 = 158 (сом)	42 сом	–
2	1	1	45*2+38+75= =90+38+75=203	-	3 сом
1	2	1	45+2*38+75=45+76+75=196	4 сом	–
2	-	1	45*2+75=90+75=165	35 сом	–
-	1	2	38+75*2=38+150=188	12 сом	–

Демек, бир нече чыгарылыштар пайда болду. Ал эми акча жетпей калган бир учур болду.

– Балдар, бул маселенин чыгарылышы силер үчүн кызыктуу болдубу?

– Ооба, каалагандай тандап алуудан чыгаруунун бир нече жолу пайда болот экен.

Мугалим сабактын максатына токтолуу менен чыгарылган маселелердин мазмунунан жаратылышты коргоого, абаны тазалоого көңүл бөлүп, алар тууралуу маалыматтарды алуу жашоо-тиричиликте колдонулаары, туура эмес чыгаруудан келип чыккан суроолорго окуучулардын берген жоопторуна, сунуштарына токтолуу менен сабагын жыйынтыктайт.

Тыянак: Биринчиден, башталгыч класстардын мугалимдери окуу китептериндеги маселелер менен турмуш-тиричиликтен алынган кырдаалдык маселелерди салыштырып, өзгөчөлүктөрүн белгилей алышты. Кырдаалдык маселелерди түзүүнүн жана аларды чыгаруунун бир нече жолдорун көрө алышты.

Экинчиден, башталгыч класстарынын математика предметинин сабактарына 2020-жылдын октябрь айынан баштап 2021-жылдын май айына чейинки жүргүзүлгөн байкоолордо кенже окуучулардын калыптандыруучу баалоого муктаждыктары «BaalooApp» тиркемелерин колдонуу менен алынган натыйжалар аркылуу аныкталды.

Байкоонун аягындагы алынган натыйжа менен башындагы натыйжаны салыштыруудан 2-класстарда кырдаалдык маселелерди чыгаруу – 18% га жогорулады.

Пилоттоонун аягындагы натыйжасы менен предтесттин натыйжасына караганда 4-класстарда кырдаалдык маселелерди чыгаруу боюнча 33% натыйжага жетишишти.

Ошондой эле, окуучулар берилген кырдаалдык маселелерди талдоосу, алардын багыттоочу суроолорго берген жоопторуна жана эмнеге? кантип? дагы башка жолу барбы? сыяктуу суроолорго берген жоопторуна таянып, окуучулардын математикалык билим алуудагы өсүп-өнүгүшү негизделди.

Математика предметинин мазмунун жаңылоодо кырдаалдык маселелерди мазмунга киргизүү менен кенже окуучуларыбызды ар кандай кырдаалдардан жол таба билүүгө, ой-жүгүртүүсүн өнүктүрүүгө, аткарган иш-аракеттерин сын көз менен карап, таразалай билүүгө, кемчилдиктерди жоюуга карата сунуштарды бере билүүгө, тил табышууга, ар бир аткарылган ишин негиздей алууга көндүмдөрүн тереңдетүү

менен билимдүү, жөндөмдүү, татыктуу келечек ээлерин даярдоо ишке ашат деген ойдобуз.

Адабияттар:

1. Бекбоев И.Б., Аттокурова Ч.А. Математиканы окутуу. 1-4-класс. – Б., 2016. – 206 б.
2. Аттокурова Ч.А. Башталгыч мектептеги математикалык маселелерди чыгаруунун өзгөчөлүктөрү // Известия Кыргызской академии образования. – Б., 2017. – С. 38-45.
3. Аттокурова Ч.А. Кенже окуучунун математикалык компетенттүүлүгүн калыптандыруу // Известия Кыргызской академии образования. – Б., 2018. – С. 50-55.
4. USAID: «Окуу керемет!» долбоору. Математика боюнча 1-5 модулдар. Башталгыч класстардын мугалимдери үчүн. – Б., 2021. – 182-184 жана 222-224 бб.
5. Никифорова А.А., Чичинина С.В. Ситуационные задачи как средство формирования готовности к безопасному поведению в чрезвычайных ситуациях природного характера // Международный студенческий научный вестник (rear.u), Сетевое издание. Раздел Педагогические науки, – 2018. – №5. URL: https://eduherald.ru/ru/article/view?id=19174 (дата обращения: 06.01.2023).
6. Самсалиева К.Ө. Мектептик математика курсунда тесттик маселелердин ролу // Известия Кыргызской академии образования. – Б., 2017. – С. 57-65.

Рецензиялаган:
Токтомаметов А.Д.,
педагогика илимдеринин кандидаты